*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

*Экспресс-маалымат*
2018-жылдын 11-майы

## 2018-жылдын январь-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

*(млн. сом)*

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-апрели 2017[1] январь-апрелине карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-апрели 2016 январь-апрелине карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо) | 132651,2 | 101,3 | 106,3 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 118205,4 | 102,5 | 102,3 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 74696,4 | 99,0[2] | 136,4[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 47009,3 | 106,1[2] | 124,6[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 3830,3 | 80,6[2] | 179,2[2] |
| Иштетүү өндүрүшү | 54358,4 | 99,7[2] | 137,9[2] |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 15879,5 | 103,6[2] | 112,2[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 628,2 | 107,6[2] | 103,1[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 30973,1 | 101,7 | 101,3 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 26597,0 | 104,4 | 102,9 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 24160,4 | 105,0 | 90,8 |

| | Иш жүзүндө | 2018 январь-апрели 2017[1] январь-апрелине карата пайыз менен | Маалымдама: 2017[1] январь-апрели 2016 январь-апрелине карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 113061,4 | 105,1 | 103,7 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 62721,9 | 103,1 | 104,4 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 4959,4 | 106,4 | 106,9 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 9275,9 | 102,3 | 102,8 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 216,8 | 102,9 | 103,8 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 222,5 | 101,0 | 97,2 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 7287,9 | 92,5 | 73,6 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 102,9 | 102,1 |
| - 2017-ж. декабрына карата | 100,6 | | |
| - 2017-ж. апрелине карата | 102,0 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 63,0 | 104,4 | 102,6 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 15120 | 106,5 | 105,6 |
| Тышкы соода жүгүртүү[4] | 1560,2 | 119,7 | 113,4 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 503,1 | 97,0 | 101,1 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 372,0 | 87,3 | 123,7 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 130,2 | 82,9 | 111,9 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 1188,2 | 135,4 | 109,0 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 372,9 | 103,1 | 97,0 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь - март 2018-ж. (чакан ишканаларды эсепке албаганда).
[4] Январь - март 2018-ж. (алдын-ала маалыматтар боюнча).

**2018-жылдын январ-апрелиндеги Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр**

**Өнөр-жай.** Өнөр жай өндүрүшүнүн төмөндөшү, өткөн жылдын январь-апрелине салыштыруу боюнча, металл рудаларын казып алуу - 45,7 пайызга, транспорттук каражаттардын өндүрүшү - 32,4 пайызга, машиналардын жана жабдуулардын - 23,9 пайызга, негизги металлдардын - 5,9 пайызга кыскарышы менен шартталды. Ушул эле учурда, өнөр жайдын көлөмдөрүнүн төмөндөшүнө өткөн жылдын январ-мартындагы өнөр жай өндүрүшүнүн жогорку деңгээли да орчундуу таасирин тийгизди.

Муну менен катар, текстиль өндүрүшүнүн (1,6 эсеге), резина жана пластмассалык буюмдардын, башка металл эмес минералдык продукттардын (33,8 пайызга), муңай зат продукттарынын (24,2 пайызга), кийим өндүрүшү (15,9 пайызга) чыгаруунун көлөмдөрү менен камсыз болду.

Электрэнергиясы, газ, буу жана кондиционирленген аба менен камсыздоонун көлөмү, 2017-жылдын январ-апрелдиндеги деңгээлинен 3,6 пайызга ашты, бул электрэнергиясын өндүрүүнүн өсүшүнүн жана бөлүштүрүүнүн эсебинен жүрдү.

**Айыл чарбасы.** 2018-жылдын январ-апрелинде айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук продукцияларынын көлөмдөрүнүн көбөйүшү, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда, негизинен мал чарба, анын ичинде союга карата тирүү салмактагы мал жана канаттуулар продукцияларын - 2,1 пайызга, чийки сүттү - 2,1 пайызга жана жумурткаларды - 9,7 пайызга өндүрүүнүн эсебинен камсыз болду.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициянын көлөмдөрүнүн өсүшү айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулук, кайра иштетүү өндүрүшү, дүң жана чекене соода, маалымат жана байланыш, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, билим берүү, саламаттыкты сактоо, искусство, оюн-зоок жана эс алуу, башка тейлөө ишмердиги, ошондой эле турак жай курулуш объекттеринин курулушунда белгиленди.

Муну менен катар, негизги капталга инвестициянын көлөмдөрүнүн төмөндөшү пайдалуу кен казуу, электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, мейманканалар жана ресторандар, башка тейлөө ишмердиги объекттеринин курулушунда белгиленди.

Ички булактардын эсебинен каржылана турган инвестициялардын көлөмдөрү өткөн жылдын январь-апрелине салыштыруу боюнча 16,0 пайызга өстү, ал эми тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү тескерисинче, 27,7 пайызга төмөндөдү.

Негизги көлөм (инвестициянын жалпы көлөмүнүн 80,0 пайызы) пайдалуу кендерди казуу, кайра иштетүү өндүрүшү, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), транспорт ишмердиги жана турак жай объекттеринин курулушуна багытталды.

**Соода.** Дүң жана чекене соода, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо боюнча жүгүртүүнүн көбөйүшү, өткөн жылдын январь-апрелине салыштыруу боюнча, негизинен дүң (10,1 пайызга) жана чекене соода (3,8 пайызга) көлөмдөрүнүн өсүшү менен камсыздалды.

**Эмгек акы.** Эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча, экономикалык ишмердиктин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда байкалды, бирок эң олуттуу жогорулашы - курулушта (18,1 пайыз), башка тейлөө мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздоодо (10,9 пайыз), финансылык ортомчулук жана камсыздандырууда (12,9 пайыз), кесиптик, илимий жана техникалык ишмердикте (10,7 пайыз), пайдалуу кен казууда (10,5 пайыз), кыймылсыз мүлк операцияларында (10,2 пайыз), ошондой эле электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен (9,2 пайызга) камсыздоодо (жабдууда), маалымат жана байланышта (16,0 пайыз), башка кызмат көрсөтүү ишиердик чөйрөсүндө (21,6 пайызга) байкалды.

**Баалар.** Үстүдөгү жылдын апрелинде өткөн айга салыштыруу боюнча, бүтүндөй республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтердин 0,5 пайызга төмөндөөсү белгиленди. Ушул эле учурда, азык түлүк эмес товарларга, тамак-аш продукттарына жана алкоголсуз суусунудуктарга 1,3 пайызга бир аз төмөндөөсү белгиленди. Аны менен бирге эле, элге кызмат көрсөтүүлөргө карата тарифер ү.ж. апрелинде өткөн айга салыштыруу боюнча 0,3 пайызга, алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге - 0,2 пайызга жогорулады.

Үстүдөгү жылдын апрелинде өткөн айга салыштыруу боюнча, республиканын бүтүндөй аймактарында керектөө бааларынын жана тарифтердин төмөндөөсү белгиленди.

Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып (өткөн жылдын декабрына салыштыруу боюнча) республиканын бүтүндөй аймактарында керектөө бааларынын өсүшү 0,6 пайызды түздү. Ушул эле учурда, үстүбүздөгү жылдын башынан тартып баалардын жана тарифтердин кызмат көрсөтүүлөргө (3,6 пайызга), алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге (5,7 пайызга) жогорулоосу белгиленди, ал эми тамак-аш продукттарына жана алкоголсуз суусунудуктарга баалар - 0,7 пайызга, азык түлүк эмес товарларга - 0,6 пайызга төмөндөдү. Үстүдөгү жылдын январь-апрелинде керектөө бааларынын жана тарифтердин максималдуу өсүшү (2,5 пайызга) Нарын облусунда катталды, бул негизинен, башка региондорго салыштыруу боюнча тамак-аш продукттарына жана алкоголсуз суусундуктарга (1,4 пайызга) алардын өсүшү менен шартталды. Ушул эле учурда, үстүбүздөгү жылдын башынан тартып керектөө бааларынын Баткен облусунда (2,4 пайызга) төмөндөөсү сакталды. Ушул эле учурда, Баткен облусунда баалардын тамак-аш продукттарына жана алкоголсуз суусунудуктарга (4,4 пайызга), азык түлүк эмес товарларга (3,6 пайызга) жана алкоголдук ичимдиктерге (2,3 пайызга) төмөндөөсү катталды.

Үстүбүздөгү жылдын башынан тартып алкоголдук ичимдиктер жана тамекилер - Талас облусунда (8,0 пайызга), азык түлүк эмес товарлар - Ош облусунда (2,2 пайызга), кызмат көрсөтүүлөр - Ысык-Көл облусунда (5,3 пайызга) жогорулады.

**Тышкы экономикалык ишмердиктер.** 2018-жылдын январь-мартында 2017-жылдын январь- мартына салыштыруу боюнча, экспорттук жөнөтүүлөрдүн 12,7 пайызга төмөндөөсү, монетардык эмес алтындын - 18,9 пайызга, рудалардын жана кымбат баалуу металлдардын концентраттарынын - 18,3 пайызга, кыскарышы менен шартталды.

Импорттук келип түшүүлөрдүн көлөмдөрүнүн 35,4 пайызга жогорулашы, синтетикалык кездемелердин кириши - 3,4 эсеге, таманы жана үстү резинадан же пластмассадан жасалган бут кийимдин - 2,1 эсеге, байланыш аппаратурасы жана ага карата тетиктердин - 43,0 пайызга, ошондой эле күн карама майынын 19,4 пайызга көбөйүшү менен камсыз болду.

2018-ж. январь-март айларында *ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын көлөмү* 503,1 млн. млн. АКШ долларын түздү жана 2017-ж. январь-мартына салыштыруу боюнча 3,0 пайызга кыскарды. Ушул эле учурда, товарлардын иморту *3,*1 пайызга өстү, ал эми экспорт, тескерисинче, 17,1 пайызга төмөндөдү.

ЕАЭБ мүчө-мамлекеттери менен республиканын өз ара соодасынын эң көп үлүшү Россияга (64,2 пайыз) жана Казакстанга (34,1 пайыз) туура келди.

Россиядан импорттолгон товарлардын ичинен түтүктөрдү, профилдерди (3,5 эсеге), болоттон жасалган зымдар (1,8 эсеге)отун тилиндилеринен жасалган плиталарды (68,4 пайыз), мунай зат продукттары (66,9 пайызга), канаттуулардын эти жана алардан жасалган тамак-аш субпродукттары (45,2 пайыз), ошондой эле шоколад жана башка даяр буюмдарды (8,1 пайыз) киргизүү көбөйдү. Ушул эле учурда, күн карама майынын кириши 7,7 пайызга азайды.

Россияга экспорттолгон товарлардын ичинен жылмаланган айнекти чыгаруу 1,7 эсеге, кургатылган буурчак жашылчаларынын -24,1 пайызга, ысытылган лампалар - 13,2 пайызга, ошондой эле аялдардын трикотаж кийимдери - 6,9 пайызга төмөндөдү. Ушул эле учурда, пахта буласын - 5,0 эсеге, электр трансформаторлорун - 3,0 эсеге, сары майды - 19,8 пайызга чыгаруу көбөйдү.

Казакстанга экспорттолуучу товарлардын ичинен кургак сүт жана коюлтулган сүт жана каймактар 43,8 пайызга, нак териден жасалган бут кийимдер - 20,1 пайызга, рудалар жана кымбат баалуу металлдардын концентраттары - 19,1 пайызга, ошондой эле жылмаланган айнек - 18,9 пайызга чыгаруу азайды.

Казакстандан импорттолгон товарлардын ичинен буудайды- 2,1 эсеге, аялдар жана балдар үчүн гигиена буюмдарынын кирүүсү - 35,5 пайызга, таш көмүр - 34, 8 пайызга, мунай зат продукттары - 31,2 пайызга, ошондой эле сууларды, анын ичинде минерладуу суулар - 12,7 пайызга киргизүү кыскарды. Ушул эле учурда, тамеки -3,2 эсеге, күн карама майы - 2,2 эсеге, цемент - 1,9 эсеге, ошондой эле буудай уну - 43,7 пайызга киргизүү көбөйдү.

.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

## Ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Айыл чарбасынын дүң продукциясы
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Негизги капиталга инвестиция
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБге мүчө-мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБге мүчө-мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешелүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**